КАРА-ДӨБӨ НЕГИЗГИ МЕКТЕБИ

# 2020-2021 окуу жылына анализ

2020-жылынын 29-августта мектепте Педагогикалык кеңешмеде жалпы мектептин максатын, милдеттерин коюп, төмөнкүдөй максат, милдеттерди бекитип алып, ушулардын устундө иш алып бардык.

МАКСАТЫ:

1. Ар бир окуучунун жекече өзгөчөлүгүн эске алуу менен окутуу жана диференциялаштыруу.

2. Сапаттуу билим берүүдө ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу.

МИЛДЕТТЕРИ:

1. Окутуунун заманбап инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен кеп маданиятын өнүктүрүү. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу, интернет менен байланыштыруу, интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу менен формативдик баалоону ишке ашыруу, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

2. Адептик жана рухий- ыймандык дөөлөттөрүбүздү сактоо менен окуучуларды нравалык тарбия берүүгө жөндөө.

3. Коомчулук жана ата-энелер менен байланышты чыңдоо менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

4. Мектептин инфраструктурасын жакшыртуу.

5. Окуучуларды окуу китеп менен камсыз кылуу.

«Билим берүү жөнүндө мыйзам», «Билим берүүнү реформалоонун концепциясы» жана «Мектеп окуучуларына адептик жана рухий ыймандык билим берүүнүн концепцияларын», «КРнын жалпы билим берүү уюмдарын уюштуруу» программасы даярдалып, жаңы педагогикалык тармакка айланышы учурдун бирден бир талабы.Биз да окуучуларга билим берүүдө төмөнкү көйгөйдү: «Окуучуларды окутууда – интерактивдүү ыкмаларын колдонуу, билим сапатын жогорулатуу, адептүүлүккө тарбиялоо» иш жүзүнө ашырууга аракет кылып жатабыз.Алдыга койгон максатыбыз жогорку деңгээлдеги жыйынтык берүүсүнө мугалимдер жамааты төмөнкү иштерди үзгүлтүксүз аткарууга бүт күчүн жумшайт.

. Окуучулардын сапаттуу билим алуусуна, башкача айтканда, өзгөчөлөнгөн балдар менен иштөөнү активдештирүү (райондук олимпиадага жана предметтик тестирлөөлөргө, сынактарга даярдык көрүү)

. Мектептин усулдук иштерине жаңы багыт берип, ата-эне, окуучу менен тыгыз байланыштагы иш алып баруу.

. Мектептин китепканасын окуу китептери, көркөм окуу китептери жана усулдук китептер менен камсыз кылуу.

. Красный Восток айыл өкмөтү, демөөрчүлөр менен үзгүлтүксүз, жыйынтыктуу иш алып баруу.

Кара-Дөбө негизги ж мектептебинде 2020-2021 окуу жылдын башында 158 окуучу окуган .Алардын ичинде 72 кыз,86 эркек бала. 10 класс-комплекти бар. Кара-Дөбө негизги мектебинде 10 класс-комплект,бир даярдоо класс.Жыл ичинде 9 окуучу кетти,1 окуучу келди.Окуу жылын 150 окуучу аяктады, алардын ичинде 67 кыз,83 эркек бала.Калдык айылынан келип окуган балдардын саны- 31.Даярдоо классын «Наристе»программасын 480 саат боюнча Кара-Дөбө мектебинде 17 окуучу. Жыл ичинде мектеп администрациянын тарабынан көзөмөл жана башкаруу журуп турду. Директор жана тарбия иштер боюнча завуч функционалдык милдеттерин окуу жылдын башында бөлүшүп,аткарып турду.Өз убагында педкенештер, директордун алдындагы кенештер,окуу жана тарбия иштер боюнча директордун орун басарлардын алдындагы кенешмелер өтүлдү.

2020-2021 окуу жылында педколлектив төмөнкү методикалык теманын үстүндө иштеди «Окуучуларды окутууда – интерактивдүү ыкмаларын колдонуу, билим сапатын жогорулатуу,адептүүлүккө тарбиялоо». Мектепте 3 методикалык бирикме иштейт:башталгыч класстар (жетекчиси Бекдулетова Р.К.), жогорку класстардын бирикмеси (жетекчиси Кенжебаева Б.Т.)жана класс жетекчилердин бирикмеси (жетекчиси Кулсариева А.Э.). Башталгыч класстардын бирикменин жетекчиси Бекдулетова Р.К. 1-4 класстардын билим денгээлин, кундөлуктөрун, дептерлерин текшерип турду.

Билим сапаты 2020-2021 окуу жылында класстар боюнча төмөнкудөй болду:

| класс | отличниктер | ударниктер | жетишкендер | Аттест.эмес | % билим сапаты | % сабака катышканы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | 16 | | 96% |
| 2 | 5 | 4 | 7 | - | 56% | 94% |
| 3 | 3 | 4 | 8 | - | 46.6% | 92% |
| 4 | 2 | 12 | 20 | - | 40% | 92% |
| 1-4 | 10 | 20 | 35 | 16 | 46.2% | 91.7% |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 5 | 1 | 2 | 10 | - | 23% | 95% |
| 6 | - | 4 | 9 | - | 30% | 94% |
| 7 | - | 5 | 8 | - | 38.4% | 92% |
| 8 | - | 2 | 8 | - | 20% | 87% |
| 9 | - | 6 | 14 | - | 30% | 92% |
| 5-9 | 1 | 19 | 49 | - | 25.4% | 93% |
| 1-9 | 11 | 39 | 84 | 16 | 35.8% | 92.4% |

2020-2021 окуу жылында башталгыч класстардын окуучуларынын математика,кыргыз тилинен билим деңгээли текшерилди.

Математика боюнча

| Класс | Окуучулардын саны | Иши | Жетишүүсү | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|
| 2 | 16 | Текшерүү иши | 100% | 61.4% |
| 3 А | 16 | Текшерүү иши | 95% | 60 % |
| 4 | 36 | Текшерүү иши | 94% | 55% |
| Бардыгы | 68 | | 96% | 58.6% |

Текшерүүнүн жыйынтыктары усулдук бирикменин кенешмесинде айтылды.Ошондой эле, ар бир чейрек сайын орус адабият (2-8 кл.)жана кыргыз адабият(5-9 кл)сабактарынан окуу тездиги текшерилип турду.

2020-2021 –окуу жылында предметтер боюнча билим сапаты төмөнгүдөй болду

| Предмет | 5 класс | 6 класс | 7 класс | 8 класс | 9 класс |
|---|---|---|---|---|---|
| Кырг.тили | 30% | 46% | 61% | 20% | 40% |
| Орус тили | 46% | 53% | 53% | 30% | 30% |
| Математика | 53% | 30% | 61% | 40% | 50% |
| Биология | - | 53% | 61% | 40% | 45% |
| Физика | - | - | 69% | 30% | 45% |
| география | 38% табият таануу | 46% | 61% | 40% | 45% |
| тарых | 23% | 30% | 38% | 20% | 15% |

Ички көзөмөлдун анализи көрсөттүү, 5 класстын окуучулары билим денгээли томон, шакшы болду.Окуучулар кыргыз тили(5,8 кл), география(6,9 кл,), биология (6,7,8 кл.) сабактарынан жыйынтыктары жакшы болду.

Текшерүүдөн кийин төмөнкү сунуштарды айтууну туура көрдүк:

1.Окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө көңүл буруу.

2. Жазуу эрежелерин эске алып, окуучуларды туура, таза жазуусунун калыптандыруу.

3. Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүнүн үстүндө иштөө.
4. Башталгыч класстарда бааларды көтөрмөлөп коюлушуна жол бербөө.
5. Ар бир сабактын сапаттуу жана жыйынтыктуу, системалуу түрдө өтүлүшү.
6. Тартипти сактоо менен өз алдынча иштөөлөрүн багыттап туруу.
7. Ата-энелер чогулуштарында жыйынтыктары чыгарылып,билдирилет.
8. Резервде турган окуучулар менен дагы предметтик мугалимдер иш жүргүзүлөт.

Билим берүүнүн мамлекеттик стандарты боюнча баалоо жол-жоболорун чейрек сайын окуучулардын билиминин натыйжасына монsocтоpинг жүргүзүлөт.

2020-2021 окуу жылында мектеп ичинде предметтер боюнча олимпиада өткөрүлдү.Олимпиадага 5-9 класстардын окуучулары катышты.Олимпиада кыргыз тили, орус тили, биология, география,тарых сабактарындан өттү.Жеңген окуучулар грамоталар менен сыйланды. Райондук олимпиадага 9 класстын окуучулары катышып, бирөк орундарга ээ болгон жок. Олимпиадалардын жыйынтыктары боюнча директордун алдындагы кенешме өттү.

Окуу жылында ошондой эле предметтик жумалыктар кыргыз тили, математика,география сабактарынан өтүлдү.Мугалимдер ачык сабактарын,класстык сааттарын, тарбиялык иштерин өткөрүштү, докладдар окулду.

2020- 2021 окуу жылында МакГоверн-Доулдун «Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу» эл аралык программасы менен иштегенин улап, « Мерсико менен бирге окуйбуз» программасы боюнча башталгыч класстын мугалимдери төмөнкүдөй иштерди алып барышты:
– ата – энелерге чогулуш өткөрүштү(китепке кызыктыруу максатында).
– жат жазуу, көркөм окуу,чыгармачылык жомок айтуучулар сынактары өттү
– ачык сабактар өткөрүлдү. «Активдүү ата-энелер» конкурсу өтүлдү.

Башталгыч класстырдын усулдук бирикмесинин жетекчиси Бекдулетова Р.К. «Окуудагы позитивдүү тарбиялоо» семинар-тренингине активдүү катышып, тажрыйба алмашып балдардын жоопкерчилигин өнүктүрүү – позитивдүү тарбия экенин, окуучуларды шыктандыруу жөндөмдүүлүгүн жана өзүнө болгон ишенимин жогорулатуу экенин баса белгилеп – окуучу- ата-эне- мектеп байланышын түзө алды.

2020-2021 окуу жылында «Окуу керемет» долбоору менен иштеп, башталгыч класстардын мугалимдери жана китепканачы онлайн

тренингтерге катышышты. Ар бир класс ачык сабак өттү. Курбанова Б.К. Мекен таануу сабагынан.1 класс Абдиламитова Г.К. математика сабагынан. 2,3 класс Бектурсунова Ж.К. адабий окуудан. « Окуу керемет» долбоорунан башталгыч класстар учун 225 китеп берилди.

2020-2021 окуу жылында мектепти 20 окуучу бүттү.Мамлекеттик аттестациялоого 20 окуучу катышып,экзамендерди ийгиликтуу тапшырып, жалпы негизги билим жөнундө күбөлүккө ээ болушту.

2021 жыл- Аймактарды өнуктуруу, өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдо жылына карата мектепте мерчеми тузулуп, баннер чыгарылып, мектепте төмөнкүдөй иш чаралар өтулдү. «Кыргызстан - менин мекеним», «Ааламга жол айылдан башталат» темасында Кара-Дөбө айылынын башчысы Дадаков Р. жана ата-энелер менен семинар өтулду. Ошондой эле, маарaкелерге карата тарбиялык саттар,тизимдер,сынактар,докладтар,тегерек столдор өтулду.Ар бир класста «2021 жыл - Аймактарды өнуктуруу,өлкөнү санариптештирүү жана балдарды колдоо жылы» буклеттер чыгарылды.

Ч. Айтматовдун туулган күнүнө карата иш чаралар өтулду. « Биринчи мугалим» чыгармасы боюнча 1-4 класс арасында ачык саат өтулду. « Ак кеме», « Бетме бет», «Саманчынын жолу», « Эрте келген турналар» чыгармаларынан 5-9 класстардын окучулары узунду көргөзушту.

Окуу жылында мектепте кружоктор иштеди.»Тай кулук» спорт боюнча кружок (жетекчиси Джумалиева Н.А.), «Чебер» (жетекчиси Джумалиева Н.А.). Окуучулар өзунун кызыкчылыгы менен кружокко катышат.Ошондой эле, окуучуларды сабактан тышкары кызыктыруу боюнча сүрөт сынагы өткөрулөт.

Ошондой эле, мектепте даталуу кундөргө карата, традицияга айланган майрамдар өтүлөт.

23 сентябрь Мамлекеттик тилдин 31 –жылдыгына карата Зайлыктын иш мерчеми иштелип чыгып, кыргыз тили жана адабияты декадасы өткөрүлдү. Мусариева А.Э. окуучуларга салтанаттуу тизим өтуп,кыргыз тилинин бугункү күнүнүн мааниси жана көөгөйлөру жөнундө айтып берди.Уч айлыктын алкагында тарбиялык саттар өтүлдү. Февраль айында «Ата-Журтум – Кыргызстан» , « Биз ынтымактуу элбиз» деген темада 1-7 класстар арасында сүрөт сынагы өтулду.

23 февраль – Мекенди коргоо кунунө карата, 8 – март айымдардын кунунө карата мектепте чон концерттер жана жолугушулар уюштурулду.Улуу

жеништин 76- жылдыгына карата класс жетекчилер видео роликтерди чыгарып, тарбиялык саат өтүштү.

Мектепте « Жаш инспекторлор» жана « Жаш өрт өчүргүч» командалары уюштурулган.Өз иштерин мерчемдердин негизинде алып барышат.

Быйылкы окуу жылындагы окуучулар менен иштелген социалдык багыттагы иштер жөнүндө төмөнку айтса болот.150 окуучунун ичинде жетим балдар жок, социалдык жетимдер 5, аз камсыз болгон Үйбулөдөн 9 окуучу,ата- энелери чет мамлекетте иштеген окуучулар жок, көп балалуу 26. ИДН учётунда окуучулар катталган эмес.

Жыл башында окуучулардын жашоо- шартын, психологиялык, медициналык өзгөрүлүктөрун изилдөө максатында сурамжылоо жургузулду. Ар бир класс жетекчи менен тыгыз байланышта болуп,социалдык чөйрөдөгү окуучуларга көзөмөл жургузулуп келди.Окуу жылдын биринчи жарым жылдыгынан баштап келбей калган окуучулар менен ИДН инспектору Мадылов Канат суйлөшүү жургузду. «Балдардын укугу», «Мектепте кантип өзун-өзү алып журуш керек» деген темаларда ангемелешуу өттү.Сабактарды көп калтырган окуучулардын үйүнө барып, ата-энелери менен суйлөштүү. Окуучуларга «Кылмыштуулуктун алдын алуу» боюнча лекция окуп берди.Рэкет,терроризм жөнундө айтып, алдын алуу жолдорун айтып,кенештерди берди.

Мектепте СПИД жана жугушту тери оорулар боюнча тарбиялык сааттар жыл бою өтулду, 1 декабрь СПИД менен курөшү кунунө карата 9 класстын окуучулары райондук денгээлинде болгон иш чараларга катышып келишти. Окуучулардын санитардык-гигиеналык эрежелердин сакталышы боюнча санитардык бюллетень уюштурулуп, окуучулар арасында «Гепатит А», «Кургак учук», «COVID -19» темасында жат жазуулар жана дилбаяндар жазылып, сүрөт сынактар өтүлдү.1-июнь балдар коргоо кунуно карата 4-класстын окуучусу Асей у. Адилбек сүрөт сынагына катышып, 2-орунга ээ болуп, Чуй облусунун спорт жана жаштар комитетинен диплом жана медаль алды.

Тамеки, насывай жана алкоголизмдин зыяндуулугу жөнүндө класстык сааттар, тегерек столдор жана кинотасма өтулдү, дубал газета чыгарылды.

Диний экстремизм жана терроризм боюнча мектепте иш мерчеми тузулуп, класстык сааттар, айылдын молдосу менен жолугулар өтулөт. Мечитке барган окуучулардын саны 6. Жолук салынган кыздар -6.

Мектеп администрациясы , мугалимдер ата-энелер менен тыгыз байланышта иштейт.Чейрек сайын ата-энелердин чогулушун

өтулөт.Чогулуштарда «Ата-эненин милдети жана баланын укугу», «Мектеп рэкети жана алдын алуу», «Баланын денсоолугу», «Суицид» деген темаларда лекция өтулөт. Мугалимдер жана окуучулар тарабынан майыптарга жардам берүү боюнча « Мен да, сен да тең укуктубуз»темасында акция өтүлдү, окуучулар колунан келишинче акча, оюнчук чогултуп, айылдагы майып балдарга тапшырып беришти.

Кыргызстандагы туризмди өнүктүрүү боюнча иш мерчеми түзүлүп , иш чаралар өтүлдү.География мугалими Кенжебаева Б.Т.Окуучуларга Кыргызстандагы кооз жерлерин тааныштыруу максатында ачык сабак өттү. 2 класстын мугалими Бектурсунова Ж.К. « Жаратылыш – жан досум» темада ачык сабак өтүлдү. Өзү- өзүнө кол салуунун алдын алуу боюнча мектеп ичинде иш чаралар өтүлдү. Айыл имамы Алимов Махмадали окуучуларга түшүндүрү иш жүргүзүлдү. 6-9 класстардын окуучулардын арасында өзу өзүнө кол салуунун алдын алуу боюнча тегерек стол өтүлдү.

Кара-Дөбө мектебинде 10 мугалим эмгектенет. Аялдар - 9.Эркек -1. Жогорку билимдуу -8, орто билимдуу-1, атайын орто билимду 1,улуттук курамы боюнча 10 кыргыз,пенсия жашындагы мугалим- 2.

Мектепке химия,биология, англис тили сабактарынан мугалимдер жетишпейт.Ушул сабактарды специалист эмес мугалимдер беришет.Ошондуктан, билим сапаты төмөн деп эсептейбиз.

2020-2021 окуу жылында мектеп китепканасына 3-класс үчүн 30 даана жаны китеп берилди, 4- класс үчүн 30 окуу китеп.7-9 класстар учун информатика китеп берилди. Мектеп боюнча ар бир класс китеп менен камсыз болгону төмөндөгудөй:

1 класс-64 %
2 класс-88%
3 класс-88%
4 класс-29%
5 класс-100%
6 класс-100%
7 класс-68%
8 класс-92%
9 класс-73 %
Мектеп боюнча 77%.

Китепканачы Джумалиева Н.А. китепканада денсоолук, мааракелер,улутттук кийимдер, «Манас» эпосу, «Бирге окуйбуз» бурчтар уюштурулду. «2020 жыл – аймактарды өнуктуруу, өлкөнү санариптештирүү

жана балдарды колдоо жылы», «Эгемендуулуккө 30 жыл» буклеттер орнотулган. Ар бир даталуу кунго окуучуларга билдируу берилет жана сынактар уюштурулат.Мерсико менен тыгыз байланышта иштеп, «Китептин баалуулугу» деген темада башталгыч класстардын ата-энелери арасында башталгыч класстын мугалимдери менен бирге бир нече тренингтерди, жолугушуларды өткөрүштү. Жугуртмөнүн негизинде башталгыч класстын окуучулары үчүн китепканага саякат уюштурулду.

2020-2021-окуу жылынын экинчи чейректен баштап реалду режимине оттук. Ага чейин педколлектив окуучулар менен ийгиликтүү иш жүргүзүп жатты .WhatsApp программасы менен сабактар өтүлүп жатты. Ар бир мугалим видео сабактарды, тарбиялык сааттарды, ата-энелерге кайрылуу видео роликтерди чыгырып, ата-энелер менен, окуучулар менен кайтарым байланышта чыгып жатышты. Ата-энелер менен түшүндүрүү иштерин өз убагында жеткиликтүү жүргүзүп жаттык. Ар бир класска ата-энелердин тарабынан антисептик, маска алып берилди. Красный Восток айыл окмотунон беткап 200 даана, 50 колкап, антисептик 5 литр, хлорка 50 кг., 1 термометр берилди.Ашканага 100 даана тарелка, 50 даана бокал алып берилди. Жайыл районунун билим беруу бөлүмүнөн 20 литр антисептик, 18 даана суюк самын, 4 санитайзер, 2 дезковрик, 2термометр берилди.

Материалдык-техникалык базаны чындоо боюнча мектеп Мерсикого проект жазып, мектепке сырткы даараткана салынды. Мерсико тарабынан 1185631,5сом, Красный Восток айыл окмоту 105 000 сом бөлүндү. 1-4 класстын окуучулары ысык тамак менен камсызданышат. Мерсико тарабынан төрт азык берилди.(куруч, буурчак, чечевица, май).Ошондой эле 10 литр суюк самын берилди.

4-класстын ата-энелери эки даана тустү принтер алып бериштi.

2021-2022 окуу жылына мектептин педагогикалык жамааты алдына койгон милдеттер:

1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу,жаны ыкмалдарды колдонуу. Жаны окуу стандарттардын негизинде иштөө.
2.Окуучуларды окуу китеп менен камсыз кылуу
3.Зээндүү жана начар окуган окуучулар менен бирдей иш алып баруу.
4. Мугалимдерди толук кандуу билим берүүсүнө шарт түзүү.
УБ нын жетекчилеринин ишин жандандыруу.
5.Мектептин материалдык-техникалык базасын чындоо.